**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ПРОСВЕЩЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

__________________№ ____________

Бишкек ш.
г. Бишкек

# Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында кыргыз тили боюнча жазуу жана оозеки жүзүндөгү көчүрүү (класстан класска) экзамендерин өткөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 17-июлундагы № 140 "Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик тили жөнүндө" конституциялык мыйзамынын 17-беренесин аткаруу максатында, **буйрук кылам:**

1. 2025-2026-окуу жылынын жыйынтыгы менен менчигинин түрүнө жана окутуу тилине карабастан республиканын бардык жалпы билим берүү уюмдарынын 5-8, 10-класстын окуучулары үчүн милдеттүү түрдө кыргыз тили боюнча жазуу жана оозеки жүзүндөгү экзамендер (мындан ары – экзамендер) өткөрүлсүн.
2. Экзамендерди өткөрүү жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Экзамендердин төмөндөгүдөй мөөнөттөрү бекитилсин:
   - окутуу кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын 5-класстары үчүн – 12-13-майда;
   - окутуу кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын 6-класстары үчүн – 14-15-майда;
   - окутуу кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын 7-класстары үчүн – 18-19-майда;
   - окутуу кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын 8-класстары үчүн – 20-21-майда;
   - окутуу кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын 10-класстары үчүн – 25-26-майда.
4. Аныкталган даталарга ылайык экзамендер саат 09.00до башталсын.
5. Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик тили жөнүндө" конституциялык мыйзамынын 17-беренесине ылайык, жалпы билим берүү уюмдарындагы тестирлөө окуучуларды класстан класска көчүрүүгө таасирин тийгизбесин.

6. Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү департаменти (Б.С. Шамшидинова) экзамендик тесттердин материалдарын жана баалоо критерийлерин сапаттуу иштеп чыксын, материалдардын сапаттуулугу, сабаттуулугу үчүн жоопкерчилик жана жалпы билим берүү мектептеринин окуу бөлүм башчыларын окутуу, даярдоо иштерин жүргүзүү милдети жүктөлсүн.

7. Кыргыз билим берүү академиясы (Н.К.Дюшеева) экзамендик материалдардын предметтик стандарттын талаптарына ылайыктуулугун карап чыксын жана өзүнүн тиешелүү сунуштарын берсин.

8. Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү департаменти, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын, райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жана жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерине:

-экзамендерди уюштуруу жана өткөрүү боюнча даярдыктардын жүрүшүндө мугалимдер менен натыйжалуу жана сапаттуу иштер алынып барылсын жана усулдук жардамдар көрсөтүлсүн;

-экзамендердин өткөрүлүшүнө, жыйынтыктарын жалпылаштырууга көзөмөл жүргүзсүн жана алынган жыйынтык боюнча талдоо жүргүзсүн;

-экзамендерди өткөрүүдө Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү департаментинин drko.kg сайтына жайгаштырылган Жобо жетекчиликке алынсын жана сайтка илинген тесттер, баалоо критерийлери боюнча окуучулар менен алдын алуу иштери жүргүзүлсүн.

9. Мектептик билим берүү башкармалыгы (М.У.Музулманов) экзамендерди өткөрүүнү координациялоо жана жалпы билим берүү уюмдарына маалымдоо иштерин алып барсын.

10. 5-6,7,8 жана 10-класстарда кыргыз тили боюнча көчүрүү экзамендердин, сынамык тесттердин материалдарын жана баалоо критерийлерин иштеп чыгууга кеткен кеткен чыгымдар Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү департаменти үчүн 2026-жылга республикалык бюджеттен каралган чыгымдардын сметасына ылайык жүргүзүлсүн.

11. Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин 2026-жылдын 16-апрелиндеги № 490/1 “Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында кыргыз тили боюнча жазуу жана оозеки жүзүндөгү көчүрүү (класстан класска) экзамендерин өткөрүү жөнүндө” буйругу жокко чыгарылсын.

12. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Мектептик билим берүү башкармалыгынын башчысы М.У. Музулмановго жүктөлсүн.

**Министрдин орун басары** **Н. С. Джусупбекова**

Ибраимова Г., 661046

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 509/1, 17.04.2026

Кол койгон: Джусупбекова Н.С.